# Х тамгасы




Автор: Гүлжан Ишеналиева

Сүрөтчү: Мавлян Канжар

# Х тамгасы

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Мавлян Канжар

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


"Х тамгасы", "Эки чыбык", "Пахта" (кыргыз тилинде), автор Гүлжан Ишеналиева, сүрөтчү Мавлян Канжар

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom


# Эки чыбык





Эки чыбык чабышып,

Кайчылашып калышты.







Аны көрүп Хадича,

Оозун ачып карады.

Х тамгага окшошуп,

Кыйгачынан турушту.







Алихан, Айхан биригип,

Ажырата албай курушту.

Хамид барып жармашты,

Хаким барып кармашты.






Халида барып тартышып,

Араң ажыратып алышты.

Х тамгадан сөз курап,

Балдар жыргап жатышты.






Х тамгасы катышкан,

Өтө көп сөз айтышты.

Халат, пахта сөздөрүн,

Чыбык менен жазышты.






Пароход, хоккей, шахматтын,

Сүрөттөрүн да тартышты.

# Пахта






Бул пахта. Анын гүлдөрү бадырайып чоң.

Пахтаны атайын машина жыйнайт.



Кол менен да терсе болот.

Пахтадан жип ийрилет. Кийимдер, кездемелер токулат.



Пахта кийимдери жылуу, жумшак жана сапаттуу. Пахта кийимдери аба өткөрөт.



Пахтадан жылуу төшөк, сүлгү жасалат.

Пахтадан май да алынат.

Майы самынга кошулат.
Пахтанын сөңгөгү отун болот.
Пахтаны ак алтын деп аташат.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Мавлян Канжар

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли